**Comparative Turkish Dialects and Literatures**

*Karşılaştırmalı Türk Lehçeleri ve Edebiyatları*

**Cilt/** *Volume* **1**, **Sayı** / *Issue* **1**, **Mayıs/** *May* **2022**, 157-163

Atıf/Citation: Kölbayeva, M. (2022). Ахмед Байтурсунов Жана Кыргыз Агартуучулары. *Comparative Turkish Dialects and Literatures*. 1 (1). 157-163.

# AHMED BAYTURSUNOV JANA KIRGIZ AGARTUUÇULARI

## Ahmed Baytursunov and Kırgız Teachers

**Araştırma Makalesi / Research Article**

(Makale Geliş Tarihi: 01.03.2022 / Kabul Tarihi: 30.04.2022)

**Meerim KÖLBAYEVA***

**Annotatqiya**

Üstübüzdögü cılı Kazaktın akını, adabiyat taanuusu cana til iliminin negizdööçüsü, aalım, türkolog, kotormoçu, 20-kılımdagı Kazak uluttuk boştonduk kıymılının müçösü, koomduk işmer, uluttuk cazuunu kabıl aluu, canqırtuuçu, agartuuçu, pedagog Ahmed Baytursunovdun tuulgandıgına 150 cıl tolup olturat. Ahmed Baytursunov – caş kezinen ele ilim-bilimge ıktap, Orus-Kazak mektepterinde okup, okutuuçuluk kızmattı arkalap, mamlekettik başkaruu, sot organdarı, Kazak kalkının müdöölörünö ılayık bilim berüü, ar bir atuuldun boştondugu, din taanuu erkindigin kamsızdoo, tqenzurasız gazetalardı cana basılmalardı çıgaruuga uruksat berüü sınduu bir katar maselelerdi kötörüp, Kazak kalkının öz aldınça mamleket katarı tüptölüşünö çonq salım koşkon uluu insanı ele.

Makalada caştayınan okup, okutuuçuluk kızmattı da arkalap, Kazak kalkının müdöölörünö ılayık bilim berüü, ar bir atuuldun boştondugu, din taanuu, söz erkindigi, mamlekettik başkaruu, til maselelerin kalktın kızıkçılıgında cürgüzülüşün talap kılıp, kazak kalkının öz aldınça mamleket katarı tüptölüşünö çonq salım koşkon uluu insan – Ahmed Baytursunovdun Kırgız agartuuçuları menen baylanıştarı tuuraluu cazılat. Al kırgızdın tunqguç professoru, türkolog aalım İşenalı Arabaev menen Kırgız-Kazak elinin uluttuk erkindigi

* Dr., Kırgız Ulusal Bilimler Akademisi Cengiz Aytmatov Dil ve Edebiyat Enstitüsü; *Dr. Kyrgyz National Academy of Sciences Cengiz Aytmatov Language and Literature Institute*, mkolbaieva@mail.ru, ORCID ID: orcid.org/0000-0002-1705-8490.

tuuraluu pikirleş bolup, «Kazak» degen gazetanı birge çıgarışkanı, «Alaş-Ordo» uyumunun ideyaların cayıltuuda, Türk elderinin cazuusu tuuraluu Tyurkologiyalık cıyındagı pikirleştigi cönündö söz cüröt. Uşul ele önqüttö Kuseyin Karasaev, Jusup Abdırahmanov, Kasım Tınıstanovdor menen Ahmed Baytursunovdun çıgarmaçılık, sayasiy baylanıştarı tuuraluu cazılat.

**Açkıç sözdör**: Baytursunov Ahmed, Alaş, kızmattaştık, til, Kazak

## Öz

Kazak şair, edebiyat eleştirisi biliminin kurucusu, bilim adamı, Türkolog, 20. yüzyıl Kazak ulusal kurtuluş hareketinin üyesi, sosyal hizmet uzmanı, milli edebiyatı benimseyen, pedagog Ahmed Baytursunov'un 150. Yıldönümüdür. Ahmed Baytursunov - küçük yaşlardan itibaren eğitim almış, Rus-Kazak okullarında çalışmıştır. Eğitim sistemini desteklemiş, devlet idaresine, kamu kurumlarına, Kazak halkına uygun bir sistemle eğitim verilmesini sağlamış, herkesi özgürleştirmiş, sansürsüz ve bağımsız gazeteler çıkarmıştır. O bugüne kadar düzeltilemeyen bir takım meseleleri gündeme getirmiş, Kazak halkının devlet olarak bağımsızlığına büyük katkıları olan büyük bir insandır.

Yazısında eğitim hizmetini desteklediğini, Kazak halkına uygun eğitimi sağladığını, iç karışıklıklarda herkesin, din, ifade özgürlüğü, yönetim, dil konularında hürriyet talep ettiğini ve Kazak halkının kendini geliştirmesine büyük katkılarda bulunduğunu belirtmiştir. Ahmed Baytursunov'un Kırgız evangelistleriyle olan bağlantıları da etkileyicidir. Kırgız Türk profesörü ve Türkolog İşenalı Arabaev ile Kırgız-Kazak ulusunun büyük özgürlüğünü dile getirmiş, "Kazak" gazetesini çıkarmış, "Alaş-Ordo" hareketinin fikirlerini gündeme taşımış ve Kırgız-Kazak halkının Türkolojisini tartışmıştır. Bu çalışmada Kuseyin Karasaev, Jusup Abdırahmanov, Kasım Tınıstanovdor ve Ahmed Baytursunov'un çalışmaları ve siyasi ilişkileri ele alınmaktadır.

**Anahtar kelimeler:** Baytursunov Ahmed, fikir, Alaş, iş birliği, Kazak.

## Abstract

The 150th anniversary of Ahmed Baytursunov, the Kazakh poet, the founder of the science of literary criticism, scholar, Turkologist, member of the Kazakh national liberation movement of the 20th century, social worker, adopter of the national jazz, bell ringer, evangelist, pedagogue. Ahmed Baytursunov - from a young age, he studied science, worked in Russian-Kazakh schools, supported the education system, provided proper education to the state administration, public bodies, the Kazakh population, freed everyone, and published newspapers without censorship and freedom of religion. He is a great person who raised a number of issues that have been broken until now, and made a great contribution to the independence of the Kazakh people as a state.

The article was published from an early age and contributed to the formation of the Kazakh people as an independent state, requiring education in the interests of the Kazakh people, freedom of religion, freedom of speech,

public administration, language in the interests of Akhmed Baitursunov's connection with the Kyrgyz enlighteners.

He talked with the first Kyrgyz professor, Turkologist I. Arabaev about the national liberation of the Kyrgyz-Kazakh people, was a co-publisher of the Kazak newspaper, disseminated the ideas of the Alash-Ordo organization, talked about the works of the Turkic peoples at the Turkological Congress. In this regard, K. Karasaev, Zh. The creative and political connections of Abdyrakhmanov, K. Tynystanov and A. Baitursunov are analyzed.

**Key words:** Baytursunov Ahmed, idea, Alaş, partnership, Kazakh.

## Киришүү

Үстүбүздөгү жылы казактын акыны, адабият таануусу жана тил илиминин негиздөөчүсү, аалым, түрколог, котормочу, 20-кылымдагы казак улуттук боштондук кыймылынын мүчөсү, коомдук ишмер, улуттук жазууну кабыл алуу, жаңыртуучу, агартуучу, педагог Ахмед Байтурсуновдун туулгандыгына 150 жыл толуп олтурат.

Ахмед Байтурсунов – жаш кезинен эле илим-билимге ыктап, орус-казак мектептеринде окуп, окутуучулук кызматты аркалап, мамлекеттик башкаруу, сот органдары, казак калкынын мүдөөлөрүнө ылайык билим берүү, ар бир атуулдун боштондугу, дин таануу эркиндигин камсыздоо, цензурасыз газеталарды жана басылмаларды чыгарууга уруксат берүү сындуу бир катар маселелерди көтөрүп, казак калкынын өз алдынча мамлекет катары түптөлүшүнө чоң салым кошкон улуу инсаны эле. Анын иш аракети дагы, атуул катары жасаган иштеринин башкы максаты дагы казак улутун гана эмес түрк тилдүү элдерди өз алдынча, көз карандасыз, саясий экиндикке ээ, илим-билимдүү, маданияттуу бирдиктүү өлкөгө айландыруу болду.

Ахмед Байтурсунов өмүр кечирген XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында советтик улуу державанын түптөлүп, калыптанышына чейин тили, маданияты бири-бирине жакын жалпы түрк тилдүү элдердин башын бириктирүү, бирдиктүү бир мамлекет куруу идеясы жүрүп, ошол идеянын макты жактоочусуна айланган. Ал жылдары Ахмед Байтурсунов кыргыздын алгачкы агартуучулары Осмоналы Сыдык уулу, Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов, Кусейин Карасаев, Жусуп Абдыракманов өңдүү илим-билим издеген кыргыздын сыймыктуу уулдары, мамлекеттик ишмерлери менен пикирлеш, максатташ болуп, биргеликте бир топ иштерди аткаргандыгы тууралуу маалыматтар бар. Эми бул фактыларды бирден ачыктап берүүгө аракет кылалы.

Ахмед Байтурсунов 1895-1909-жылы Актөбө, Қостанай, Каркаралы уездериндеги орыс-қазақ мектептеринде окутуучу, Каркаралы калаалык орто окуу жайында уюштуруучу кызматын аткарып жүргөн мезгилинде, т.а. 1905-жылы казак элинин улуттук мүдөөлөрүнө шайкеш келүүчү талаптарды максат кылган Каркаралы петициясын уюштуруп, саясий ишти баштайт. Мына ушул иши үчүн Троцкийдин буйругу менен камалып, 1910-жылдын мартынан 1917-жылга чейин Оренбургга сүргүнгө айдалган (Бүгін Алаш, t.y.). Ал жылдары сүргүндө жүргөндө да ошол жердеги казак, өзбек, кыргыз ж.б. мусулман калктарынан барган өзү сындуу адамдар менен пикирлешип, жүрөк түпкүрүндөгү түрк элдеринин биримдиги, алардын жазуусу, маданияты тууралуу бир катар иштерди пландашат.

Ошол жылдары кыргыз элинин алгачкы агартуучусу Ишеналы Арабаев менен таанышат. Ал башталгыч мектепте билим алгандан кийин (1900–1910), Варшава, Казань, Саратов, Оренбург, Уфа, Алма-Ата шаарларынан түрк тилдүү элдердин алдыңкы жаштары менен бирге окуп, жогорку жана орто билимге ээ болгон. Уфадагы жогорку диний мектеп – “Медресе-Галиядан” окуп жүргөндө эле Оренбургдагы жана Ташкенттеги мезгилдүү басма сөздөргө байма-бай макалаларын жарыялап, чыгарып турган. Медреседе окуган жылдары Сарсикеев деген казак студент менен кыргыз, казак балдарына арналган “Алиппе – жаки төтө окуу” аттуу туңгуч окуу китебин (1911-жылы Уфа шаарындагы “Шарк” басмасынан араб тамгасы менен), 1912-жылы “Жазуу өрнөктөрү” (таза жазуунун үлгүлөрү) (1912-жылы Оренбург шаарындагы “Бакыт” басмасынан), “Оренбургдан Ташкенге чейин” деген жол очеркин (“Айкан” журналынын биринчи санына) жарыялайт. Бул эмгектерди жаратууда Ахмед Байтурсунов менен пикирлешип, түрк элдеринин анын ичинде кыргыз-казак элинин биримдиги тууралуу бир-катар сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт. “Казак” аттуу гезиттин чыгышын макул көрүшөт. Гезиттин символун кыргыз-казакка орток боз үйдүн сүрөтүн колдонушмай болушат (Ишеналы, t.y.). Мына ушундай пикирлештик улам мезгил өткөн сайын өрчүп олтурат.

1917-жылдын декабрында Оренбург шаарында Бүткүл кыргыз-казак съезди өтүп, “Алаш-Ордо” убактылуу өкүмөтү түзүлөт. Совет бийлигинин чабуулунун натыйжасында 1918-жылы “Алаш-Ордо” убактылуу өкмөтүн жоюу тууралуу чечими кабыл алынат. Ал мезгилде кезде совет бийлиги тарапта күрөшкөн. Бирок, 1920-жылы “Алаштын” ишмердүүлүгү контрреволюциячыл деп табылып, жоюлган. Мына ушул “Алаш-Ордо” убактылуу өкмөтүн түзүүдө, анын келечек пландарын иштеп чыгууда

Ишеналы Арабаев менен Ахмед Байтурсунов негизги лидерлердин катарында иш алпарышкан азаматтар катары алардын өмүр жолунда чыгармачылыгында “кара булут” айланат.

Ахмед Байтурсунов менен Ишеналы Арабаевдин кесиптештик ынтымагы 1926-жылкы казак-кыргыз эли үчүн бирдиктүү идеяны тутунган 1-Бүткүл союздук Түркологиялык съездде ачык көрүнөт (Эсимде-ТВ, t.y.). Андан башка Кыргыз-казак Эл агартуу институтунда бирге иштешип, саясий, маданий, адабий тилдик проблемаларды жалпы элдин кызыкчылыгында чечмелөөгө аракет кылышкан. Мына ушундай коомдук кыймылды түзгөн агартуучулар канчалык караңгы элди окуу, билимге үндөп, агартуу иштеринде жанын аябай иштешпесин “панисламист”, “пантюркист”, “алашчыл” деген айыптар тагылып, 1938-жылы өмүрлөрү аянычтуу өлүм менен аяктайт.

Кыргыздын дагы бир тунгуч агартуучусу, тилчи-лексикограф Кусейин Карасев 1922-жылы Ташкенттеги Кыргыз-казак агартуу институтуна кирип, казак балдар менен дос болуп, казакча үйрөнгөн. Ошол жылдары “И. Арабаев, А. Байтурсунов Е. Поливанов, М. Жумабаев, Д. Шмит, А. Диваев, С. Сейфуллин, М. Жумабаев, М. Дулатов, Т. Ырыскулов, Х. Досмухамедов, Ж. Аймаутов ж. б.” (Ишекеев, 2021) деген чыгаандардан билим алып, өзүнүн келечегин түптөөгө жетишкен.

Ахмед Байтурсунов кыргыздын алдыңкы агартуучулары эле эмес, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев, Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдыракманов сындуу мамлекет ишмерлери менен да байланышта болгон.

Совет мезгили жаңыдан жарала башаган учурда 1918-жылы Ташкентте Түркстан автономдуу республикасы пайда болот. Мына ушул республиканын жалпы түрк элдеринин кызыкчылыгында жасаган көңүл жылытарлык иши болбой, ар бир кокту-колоттун же бир адамдын, бай-манаптын саясатын көзөгөн бир канча партиялардын болуп турганына Жусуп Абдыракманов өз баасын берген. «Өлкөдө 34кө жакын партия бар. Бирок, биринин да бычакка сап, программасы жок. Болгону бийлик үчүн гана күрөшкөн саясий топтор» (Улут, t.y.) - деп эскерип, алардын ичинен «Алаш» жана «Туран» партиясын гана колдой турганын, себеби, алардын программасында Түркия менен биргеликте бүткүл Түркстан аймагынын биригүүсү, жана күчтүү мамлекет куруу идеясы бар» экенин 1936-жылы Кыргыз Тоолуу автономдук областынын 10 жылдыгына арналган эскерүүсүндө баяндайт. Демек, Кыргыз-казак интеллигенциясынын башын кошуп, түрк тилдүү элдердин биримдигин

чыңоо максатын көздөгөн Ахмед Байтурсуновдун атуулдук поэзиясын чын дилинен колдогон дешке болот.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын баш чени жалпы түрк тилдүү элдердин илим-билимге деген каалоосу күчөп, идиректүү балдарын, келечек муундарды кандай да болсо окутуу негизги максатка айланган. Ошол кездеги Оренбург, Ташкент, Уфа шаарларындагы жогорку мектептер жалпы түрк тилдүү мусулман элдердин илим-билимге умтулган жаштарынын билим очогуна айланган. Кыргыздын алгачкы профессору, кыргыз тилинин грамматикаларын иштеп чыккан тилчи, совет доорундагы жаңы жазма адабияттын баштоочуларынын бири Касым Тыныстанов да 1919-1924-жылы Ташкентте кызык-кыргыз агартуу институтунда окуйт. Ал жылдары Ахмед Байтурсунов, Магжан Жумабаев сындуу казак интеллигенциясынын өкүлдөрү менен таанышып, идеялаш болуп, келечек үчүн бир катар максаттарды мелжешкен. Буга Касымдын казак тилин мыкты билгендиги, ошондой эле “Өрис”, “Ак жол” гезиттери, “Жас кайрат”, “Сана” журналдары менен активдүү иштешкени, эң алгачкы “Бүгинги күн”, “Алачка”, “Булбулга”, “Таң” сындуу поэтикалык ырларын казак тилинде жарыялаганы далил болот. Мындан сырткары ошол кездеги Ахмед Байтурсунов баштаган казак азаматтары менен пикирлеш болуп, “Алаш-Ордо” партиясынын мүчөсү катары партиянын идеологиялык таасиринде болгонун “Мен баскан жол, менин чыгармам, менин бетим (Тыныстанов, 1933)” аттуу макаласында эскерет.

Ахмед Байтурсунов менен Касым Тыныстановдун илимий байланыштары казак-кыргыз элдеринин адегенде араб тамгасын колдонууну жактап, андан латын тамгасына, анан орус тамгасына өтүүдө көрүнөт. 1926-жылы Бакуда өткөн 1-Жалпы союздук Тюркологиялык съездде Касым Тыныстанов, Ахмед Байтурсуновдор съездин президиумунда олтурушуп, кыргыз-казак элдеринин жазуу маданиятын калыптандыруу, казак-кыргыз терминологиясынын принциптери, орфография маселелери тууралуу илимий докладдарды жасап, отурумдун резолюциясын иштеп чыгуучу топто бирге иш алып барышкан. Ошондой эле Ахмед Байтурсуновдын пикирлеши, казак агартуучусу Магжан Жумабаев менен “Өрис”, “Ак жол” гезиттеринде, “Жас кайрат”, “Сана” журналдарында бирге иштешип, чыгармачылыкта таасири күчтүү калемдеш болушкан (Артыкбаев, 2015: 121). Бул фактылар Ахмед Байтурсунов менен Касым Тыныстановдун улуттар аралык биригүү, жалпы түрк элдеринин биримдигинде, ал элдердин тилдик жагдайларын жакшыртууда, саясий бир көз караштагы тилектештер экендигин көрсөтөт.

Мындан сырткары Касым Тыныстанов менен Ахмет Байтурсуновдун көркөм адабият айдыңындагы чыгармачылык параллелдерди, идеялык-тематикалык окшоштуктарды да байкоо кыйын эмес. Касым Тыныстановдун чыгармачылыгындагы бир эле мисал, жалпы түрк элдеринин биримдик, ынтымагын көздөгөн “Алашка” деген ырынан эле анын “Алаш-Ордо” партиясынын идеясын колдоп, ага карата өз чыгармасын арнаган. Анын запкысынан 1938-жылы өмүрү аянычтуу өлүм менен аяктаганын көрөбүз.

**Корутунду**

Демек, Ахмед Байтурсунов менен кыргыз агартуучуларынын байланыштарын төрт фактыдан көрүнөт. Биринчи, кыргыз-казак интеллигенциясынын коомдук-саясий көзкараштарындагы биримдигинен же улуттук боштондук кыймылдарындагы тилектештигинен, экинчи, жалпы түрк тилдүү элдердин жазуу эрежелеринин улам жаңыртылышы, жакшыртылышындагы талаш-тартыштарда, грамматика маселелеринде пикирлештер экендигинен, үчүнчү, көркөм чыгармачылыктагы идеялык-тематикалык жакындык же чыгармачылык таасирден; төртүнчү, мамлекеттик башкаруу, дин таануу, билим алуу, жазууну кабыл алуу сындуу улуттук маселелерди көтөрүү менен жалпы түрк элдеринин биримдигине жасаган иштеринен көрүнөт.

**Koldonulgan Adabiyattar**

Artıkbaev K. (2015). HH kılımdagı kırgız adabiyatının tarıhı: cogorku okuu caylarında filologiya adistigi boyunça okup catkan studentter üçün okuu kitebi. – 2-bas. – B.:Turar, 656 b. 121-b.

Bügin Alaş arısı Ahmet Baytŗrsınŗlınınq tuғan küni. Erişim Tarihi: 11.04.2022. https://vk.com/wall-121753531_7641

Esimde-TV, 8-çıgarılış, Aida Kubatova, Erişim Tarihi: 11.04.2022. https://www.youtube.com/watch?v=dvAiNURfFVk

İşekeev N. (2021) “Uluttun ruhiy tuusu”, Kırgız tili, №5, 26-yanvar.

İşenalı Arabaev (slayd), Erişim Tarihi: 10.04.2022. https://www.youtube.com/watch?v=YbW6j9-ERpM

Tınıstanov K. (1933). “Men baskan col, menin çıgarmam, menin betim”, Kızıl Kırgızstan, 9-iyun.

Ulut lideri- Jusup Abdırahman uulu, Erişim Tarihi: 10.04.2022. https://www.youtube.com/watch?v=XcWbN__4_oc